# Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча аппеляцияны өткөрүү жөнүндө

## Жобо

Мугалимдердин кеңешмесинде

кабыл алынды

“ 4 ” 01 2021-ж.

БЕКИТЕМИН

Мектеп директору:

З.А.Балбаков

**Кыргыз Республикасыны бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарынын негизги жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча аппеляцияны өткөрүү жөнүндө**

**ЖОБО**

1. ПК билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органынын чечими менен райондук жана шаардык административдик бирдиктин аймагында түзүлөт.

2. ПК окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) ЖМАны өткөрүүнүн белгилеген тартибин бузуу боюнча маселелерин, о.э. коюлган баалар менен макул эместиги жөнүндө арыздарын кабыл алат жана карай; окуучунун аппеляциясын канааттандыруу же четке кагуу жонүндө чечим кабыл аадлат; кабыл алган чечим тууралуу арыз берген окуучуга жана анын ата-энесине(мыйзамдуу өкүлдөрүнө), ошондой эле ПКга маалымат берет.

ПКнын иштөө тартиби, курамы жана ыйгарым укуктары билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органы тарабынан ЖМАнын башталышына жана сайтка жайгаштырылат. ТКнын курамына билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органдарынын өкүлдөрү, директорлср кеңешинин, камкордук кеңешинин жана ата-энелер коомчулугунун мүчөлөрү тартылат. ПКнын мучөлөрү ТКнын курамына кирбейт.

3. ПКнын чечимдери протоколдор менен бекитилет.

4. ТК сынак материалдарынын мазмуну жана түзүмү тууралуу аппеляцияларды карабайт.

5. Аппеляцияны кароо учурунда анда баяндалган фактыларды текшерүү тийиштүү сынакты уюштурууга жана өткөрүүгө катышкан, же болбосо аппеляция берген окуучунун сынак ишин мурда текшерген адамдар тарабынан жүргүзүлбөйт.

6. Өз функцияларын аткаруу максатында ТК ыйгарым укуктуу адамдардан жана уюмдардан керектүү документтерге жана маалыматтарга, анын ичинде сынак иштеринин жана оңдоого мүмкүн боло турган кошумча барактарынын көчүрмөлөрүнө, ЖМАны өткорүүнүн тартибинин сакталышы тууралуу ПКнын текшерүү протоколдоруна сурап жиберет.

7. Аппеляцияны кароо учурунда ТКнын отурумунда каалоосу боюнча окуучулар жана алардын ата-энелери, ПК мүчөлөрү, ошондой эле коомдук байкоочулар катыша алат. Аппеляцияны кароо адеп=ахлак ченемдерин сактоо менен, тынч жана ак дилдүү жагымдуу жагдайда өткөрүлөт.

8. Окуучу ЖМАны өткөрүүнүн белгиленген тартибинин бузулушу жонундо арызын тийиштүү окуу предмети боюнча сынак өткөрүлгөн куну, мектептен чыкпай туруп берет.

9.ЖМАны өткөрүүнун белгиденген тартибинин бузулушу тууралуу аппеляцияда баяндалган маалыматтарды текшерүү максатында ПКнын төрагасы жоопутуу.

10. Аппеляция канаатандырылган учурда, аппеляция берилген сынактын жыйынтыктары жокко чыгарылат.

11. ЖМАны отккору учурунда окуучу тарабынан белгиленген тартиптин бузулушу тууралуу фактылар аныкталган учурда,билим беруну мамлекет-тик башкаруу оргпны ЖМАда тийиштуу окуу сабагы боюнча алган жыйнтык-тары жокко чыгаруу тууралу чечим кабыл алат .

12. Жазуу турундөгу сынак ишине коюлган баа менен макул эместиги туу-ралуу апелляция тийиштуу окуу предмети боюнча ЖМАнын жыйынтыктары жарыяланган убакытта баштап бир кундук мөөнөт ичинде берилет .

13. Коюлган баа менен эместиги тууралуу апелляцияны кароо учурун-да ТКжалпы билим беруу уюмуна ПКнын сынакты ишин текшеруу прото-колодорунун жана апеллияцияны берген окуучу аткарган иштердин көчурмөлөрунө сурап жиберет .

14. Окуучулардын сынактык иштерин баалоо боюнча талаш маселелер жа-ралган учурда Тк апелляцияны кароо ишине бул сынактык ишти мурда текшербеген,тийиштуу окуу сабагын боюнча калыс балоочуларды тартат .

15.ТК тарабынан ЖМАны өткөрүү учурунда белгиленген тартиптин бузулушу тууралуу окуучунун апелляциясы канаатандырылган учурда, ПК окууучунун ЖМАда тийиштуу окуу предмети боюнча алган жыйынтыгын жокко чыгаруу,ошондой эле кошумча мөнөттөрдо ЖМАны тапшырууrап укук беруу тууралу чечим кабыл алат.

16. Окуучунун коюдган баа менен макул эмеситиги тууралу апелляциясы ТК тарабынан канаатандырылган учурда, ПК окуучунун ЖМАда алган жыйын-тыгын ТКнын протоколдоруна ылайык өзгөртуу тууралуу чечим кабыл алынат .

17. ЖМАны өткөруу учурунда белгиленген тартиптин бузулушу тууралуу апелляцияны ТК эки жумуш кундун ичнде, ал эми коюлган баа менен макул эместиги тууралуу апеляцияны анын ПКга келип түшкөн күндөн баштап төрт жумуш күндүн ичинде карайт.

18. Эгерде тартип бузуулар ушул Жобонун 53-пунктунда көрсөтүлгөн же башка (өздүктүгү аныкталбаган) адамдар тарабынан жүргүзүлсө, анда ПК окуучулардын ЖМАда тийиштүү окуу сабагы боюнча алган жыйынтыгын жокко чыгаруу тууралуу чечим кабыл алат.